– совместно с другими государственными органами, органами местного самоуправления осуществляет разработку и реализацию адаптационных мер, связанных с обеспечением устойчивости национального водного сектора к негативным воздействиям изменения климата, охраной водных ресурсов от истощения и загрязнения, предупреждением и ликвидацией последствий вредного воздействия водных ресурсов на гражданские и промышленные объекты, земли водного фонда и сельскохозяйственного назначения и природные экосистемы;

– прогнозирует запасы подземных источников воды для обеспечения нужд экономики и населения;

– вносит предложения по изучению, использованию и охране поверхностных и подземных вод;

– обеспечивает разработку проектов, планов комплексного использования и охраны водных ресурсов;

– организует и участвует в разработке и реализации программ, проектов и мероприятий в сфере питьевого водоснабжения и водоотведения населенных пунктов Кыргызской Республики, в том числе целевых и ведомственных программ, а также иных мероприятий, направленных на обеспечение реализации законодательства Кыргызской Республики в сфере питьевого водоснабжения и водоотведения;

2) мамлекеттик суу саясатын ишке ашыруу боюнча функциялар:

– Министрлик менен макулдашуу боюнча, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен эл аралык келишимдерин жана башка документтерди белгиленген тартипте даярдоого, кол коюуга жана жүзөгө ашырууга катышат;

– Министрлик менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында топтолгон суу ресурстарын мамлекеттер аралык бөлүштүрүүгө белгиленген тартипте катышат;

– суу ресурстарынын эсебин алууну уюштурат;

– ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырат;

– мамлекеттик каражаттардын, гранттардын, кредиттердин жана эл аралык долбоорлордун эсебинен каржылануучу ичүүчү суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча "Бирдиктүү аткаруучунун" функцияларын аткарат;

3) суу ресурстарын интеграциялык башкаруу боюнча ишти жөнгө салуу функциялары:

– сууларды пайдаланууну жөнгө салуу боюнча иш-чараларды камсыз кылат;

– суу ресурстарынын бар экендиги жөнүндө корутунду берет жана суу ресурстарын пайдалануу менен байланышкан ишканаларды жана объекттерди долбоорлоодо, жаңыларын курууда жана иштеп жаткандарын реконструкциялоодо макулдашуу берет;

– суу мыйзамдарында каралган учурларда юридикалык жана жеке жактардын сууну пайдалануу укугун чектейт же белгилүү бир мөөнөткө токтотот;

– суу объекттерин, суу чарба системаларын жана курулмаларын эксплуатациялоо режимдерин жөнгө салат;

– Суу боюнча бирдиктүү маалыматтык системаны иштеп чыгууну, калыптандырууну жана туруктуу иштешин камсыз кылат;

4) суу ресурстарына мониторинг жүргүзүү функциялары:

– башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана суу пайдалануу субъекттери менен өз ара аракеттенүүдө суу ресурстарынын абалына жана аларды пайдаланууга мониторинг жүргүзөт;

– ыкчам гидрологиялык жана гидрогеологиялык маалыматтарды, өзгөчө кырдаалдар жөнүндө маалыматтарды жана суу ресурстарынын абалынын өзгөрүшүнө жана пайдаланылышына байланыштуу башка актуалдуу маалыматтарды өз ара алмашуу маселелери боюнча башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенет;

– башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана суу пайдалануунун көз карандысыз



2) функции по реализации государственной водной политики:

– участвует в подготовке, подписании и реализации в установленном порядке международных договоров Кыргызской Республики и иных документов с иностранными государствами и международными организациями по согласованию с Министерством;

– участвует в установленном порядке по согласованию с Министерством в межгосударственном распределении водных ресурсов, формирующихся на территории Кыргызской Республики согласно международным договорам, участницей которых является Кыргызская Республика;

– организует учет водных ресурсов;

– реализует государственную политику в сфере питьевого водоснабжения и водоотведения;

– выполняет функции «Единого заказчика» по строительству, реконструкции и капитальному ремонту объектов питьевого водоснабжения и водоотведения, финансируемых за счет государственных средств, грантов, кредитов и международных проектов;

3) функции регулирования деятельности по интегрированному управлению водными ресурсами:

– обеспечивает мероприятия по регулированию использования вод;

– выдает заключения о наличии водных ресурсов и согласовании при проектировании, строительстве новых и реконструкции действующих предприятий и объектов, связанных с использованием водных ресурсов;

– ограничивает или приостанавливает на определенный срок право водопользования юридических и физических лиц в случаях, предусмотренных водным законодательством;

– регулирует режимы эксплуатации водных объектов, водохозяйственных систем и сооружений;

– обеспечивает разработку, формирование и устойчивое функционирование Единой информационной системы по воде;

4) функции мониторинга водных ресурсов:

– во взаимодействии с другими государственными органами, органами местного самоуправления и субъектами водопользования осуществляет мониторинг состояния и использования водных ресурсов;

– взаимодействует с другими государственными органами по вопросам взаимного обмена оперативными гидрологическими и гидрогеологическими данными, сведениями о чрезвычайных ситуациях и другой актуальной информацией, связанной с изменениями состояния и использования водных ресурсов;

субъекттери менен өз ара аракетте жер үстүндөгү суу объекттеринен суу алуунун көлөмүн, ирригациялык максаттар үчүн суу берүүнүн көлөмүн эсепке алууну жүзөгө ашырат;

– суу ресурстарын ирригациялык максаттар үчүн пайдалануунун узак мөөнөттүү жана оперативдүү болжолдорун иштеп чыгууну камсыз кылат;

5) суу ресурстарын пайдалануу чөйрөсүндөгү функциялар:

– Министрликке караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызмат менен бирге төмөнкүлөрдүн сакталышын белгиленген тартипте контролдойт:

юридикалык жактар тарабынан сууну алгачкы эсепке алуу ченемдеринин жана эрежелеринин;

суу чарба системаларын жана курулмаларын куруу, коопсуз эксплуатациялоо, күтүү жана оңдоо эрежелеринин, ченемдеринин жана режимдеринин;

6) суу чарба ишин башкаруу жана жөнгө салуу функциялары:

– Кызматка караштуу мекемелердин жана ишканалардын ишин жетектейт;

– суу чарбалык капиталдык курулуш программаларын иштеп чыгат жана ишке ашырууну уюштурат;

– башка атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүдө суу чарба жана сууну коргоо долбоорлоруна, илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук, долбоорлоо-изилдөө жана курулуш-монтаждоо иштерине мамлекеттик контроль жүргүзөт;

– мамлекеттин менчигинде турган ирригациялык курулмаларды эсепке алат;

– сугат суусун берүү келишимдерине ылайык суу алуу, сугат суусун суу пайдалануучуларга ташуу жана жеткирип берүү боюнча ишти координациялайт;

– суу алуу, суу ресурстарын ташуу жана жеткирүү боюнча ишти координациялайт жана жөнгө салат;

– коллектордук-дренаждык жана агызма сууларды буруу, тазалоо жана кайрадан пайдалануу боюнча ишти координациялайт;

7) суу мамилелерин экономикалык жөнгө салуу функциялары:

– келишимдер боюнча сугат суусун бергендиги үчүн кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөнүн жол-жоболорун жана тарифтерин иштеп чыгат жана Министрликтин кароосуна киргизет;

– суу берүүгө типтүү келишимдерди иштеп чыгат жана белгиленген тартипте Министрликтин кароосуна киргизет;

– сугат сууну берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн суу пайдалануучулардан төлөмдү чогултууну уюштурат;

– өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик балансьта турган суу фондун, суу чарба инфраструктурасын башкаруу жана өнүктүрүү максаттарына мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү



– во взаимодействии с другими государственными органами, органами местного самоуправления и независимыми субъектами водопользования осуществляет учет объемов водозабора из поверхностных водных объектов, объемов поставок воды для ирригационных целей;

– обеспечивает разработку долгосрочных и оперативных прогнозов использования водных ресурсов для ирригационных целей;

5) функции в сфере использования водных ресурсов:

– осуществляет совместно со Службой по земельному и водному надзору при Министерстве в установленном порядке контроль за соблюдением:

норм и правил проведения первичного учета вод юридическими лицами;

правил, норм и режимов строительства, безопасной эксплуатации, содержания и ремонта водохозяйственных систем и сооружений;

6) функции управления и регулирования водохозяйственной деятельности:

– руководит деятельностью учреждений и предприятий Службы;

– разрабатывает и организует реализацию программ водохозяйственного капитального строительства;

– осуществляет при взаимодействии с другими специально уполномоченными государственными органами государственный контроль водохозяйственных и водоохранных проектов, научно-исследовательских, опытно-конструкторских, проектно-изыскательских и строительно-монтажных работ;

– осуществляет учет ирригационных сооружений, находящихся в государственной собственности;

– координирует деятельность по водозабору, транспортировке и поставке поливной воды водопользователям в соответствии с договорами на поставку поливной воды;

– координирует и регулирует деятельность по водозабору, транспортировке и поставке водных ресурсов;

– координирует деятельность по отведению, очистке и повторному использованию коллекторно-дренажных и сбросных вод;

7) функции экономического регулирования водных отношений:

– разрабатывает и вносит на рассмотрение Министерства процедуры и тарифы оплаты услуг за поставку поливной воды по договорам;

– разрабатывает и вносит в установленном порядке на рассмотрение Министерства типовые договоры на поставку воды;

– организует сбор платы с водопользователей за услуги по поставке поливной воды;

финансылык каражаттарды максаттуу пайдаланууну жөнгө салат жана мониторинг жүргүзөт;

8) кызмат көрсөтүү функциялары:

– түзүлгөн келишимдер боюнча суу берүүнү камсыздайт;

– түзүлгөн келишимдер боюнча гидротехникалык, курулуш жана реабилитациялык иштерди аткарат;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык башка мамлекеттик кызматтарды көрсөтөт;

9) колдоо функциялары:

– суу ресурстарын пайдалануу маселелери боюнча ведомстволук уюмдардын, суу чарба органдарынын кызматкерлерин, ошондой эле фермердик жана дыйкан чарбалардын өкүлдөрүн жана башка кызыкдар юридикалык жана жеке жактарды окутууну, квалификациясын жогорулатууну уюштурат;

– суу пайдалануучулар ассоциацияларынын потенциалын чыңдоого жана өнүктүрүүгө методикалык жактан колдоо көрсөтөт;

– ички чарбалык сугаруучу жана дренаждык системаларды өнүктүрүүгө, айылдык калктуу конуштарды жана айыл чарба жерлерин суу каптоонун таасиринен коргоого байланышкан чараларды координациялайт жана колдоо көрсөтөт.

## 5-глава. Кызматтын укуктары жана милдеттери

13. Кызмат өзүнүн компетенциясынын чегинде жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруу максатында төмөнкүлөргө укуктуу:

– мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана уюштуруу-укуктук формасына карабастан уюмдардан Кызматтын функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, сунуштарды жана корутундуларды белгиленген тартипте суроого жана алууга;

– суу ресурстарын башкаруу жана пайдалануу маселелери боюнча мамлекеттик программалардын, концепциялардын жана башка документтердин долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, административдик ведомстволорунун жана башка уюмдардын өкүлдөрүн, ошондой эле көз карандысыз эксперттерди тартууга;

– Кызматтын ишинин маселелери боюнча координациялык жана кеңешүүчү (кеңештерди, комиссияларды, топторду) органдарды түзүүгө;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тапшырмасы боюнча жана анын атынан Кызматтын компетенциясына кирген маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын



– осуществляет в рамках своей компетенции регулирование и мониторинг целевого использования финансовых средств, выделяемых из государственного бюджета на цели управления и развития водного фонда, водохозяйственной инфраструктуры, находящейся на государственном балансе;

8) функции предоставления услуг:

– обеспечивает поставку воды по заключенным договорам;

– выполняет гидротехнические, строительные и реабилитационные работы по заключенным договорам;

– оказывает другие государственные услуги в соответствии с законодательством в сфере государственных и муниципальных услуг;

9) функции поддержки:

– организует обучение, повышение квалификации персонала подведомственных организаций, водохозяйственных органов, а также представителей фермерских и крестьянских хозяйств и других заинтересованных юридических и физических лиц по вопросам использования водных ресурсов;

– оказывает методическую поддержку развитию и укреплению потенциала ассоциаций водопользователей;

– координирует и оказывает поддержку мер, связанных с развитием внутрихозяйственных оросительных и дренажных систем, защитой сельских населенных пунктов и сельскохозяйственных угодий от воздействия подтоплений.

## Глава 5. Права и обязанности Службы

13. Служба в пределах своей компетенции и в целях реализации своих полномочий имеет право:

– запрашивать и получать в установленном порядке от государственных органов, органов местного самоуправления и организаций, вне зависимости от организационно-правовой формы, сведения, предложения и заключения, необходимые для осуществления функций Службы;

– привлекать для разработки проектов государственных программ, концепций и иных документов по вопросам управления и использования водных ресурсов представителей министерств, государственных комитетов, административных ведомств Кыргызской Республики и других организаций, а также независимых экспертов;

– создавать координационные и совещательные органы (советы, комиссии, группы) по вопросам деятельности Службы;

– по поручению Кабинета Министров Кыргызской Республики и от его имени представлять интересы Кыргызской Республики по вопросам, отнесенным к компетенции Службы, в межгосударственных (региональных) организациях;

кызыкчылыктарын мамлекеттер аралык (региондук) уюмдарда коргоого;

– өз компетенциясынын чегинде эл аралык уюмдар менен белгиленген тартипте меморандумдарды жана макулдашууларды түзүүгө;

– суу чарба багытындагы айрым конструкцияларды жана түйүндөрдү текшерүү, имараттарды жана курулмаларды кабыл алуу үчүн ушул объекттерди эксплуатациялоого берүү үчүн мамлекеттик кабыл алуучу комиссияга тапшырганга чейин жумушчу комиссияларды түзүүгө жана алардын ишин уюштурууга;

– мамлекеттик заказдарды эске алуу менен Кызматтын бюджетин түзүүдө сунуштарды киргизүүгө жана катышууга;

– Кызматка белгиленген тартипте бекитилип берилген, негизги фонддордон, жүгүртүлүүчү каражаттардан, башка материалдык баалуулуктардан жана финансы ресурстарынан турган мүлктү пайдаланууга жана тескөөгө;

– өзүнүн компетенциясынын чегинде ведомстволук уюмдар жана суу чарба ишканалары тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болгон ченемдик техникалык актыларды чыгарууга;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө же аны ведомстволук уюмдарга тапшырууга;

– Кыргыз Республикасынын суу мыйзамдарында каралган суу ресурстарын берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө түрүндө келип түшкөн финансы каражаттарын атайын эсептерде топтоого;

– Министрлик менен макулдашуу боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнүүчү, тышкы кредиттик жана донордук колдоо линиясы боюнча келип түшкөн, ошондой эле өзүнүн ишин жүргүзүүнүн натыйжасында топтолгон финансы каражаттарын пайдаланууну жөнгө салууга;

– күнөөлүү адамдарды Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде каралган жоопкерчиликке тартуу үчүн суу мыйзамдарын бузуу фактылары жөнүндө материалдарды даярдоого жана укук коргоо органдарына же сот органдарына берүүгө;

– сотто доогер жана жоопкер катары чыгууга;

– суу мыйзамдарында каралган учурларда суу пайдалануу укугун чектөөгө же токтотуп турууга;

– суу мыйзамдарында каралган учурларда суу чарба системаларын, курулмаларды жана суу пайдалануучу ишканаларды



– заключать в установленном порядке с международными организациями меморандумы и соглашения в пределах своей компетенции;

– создавать рабочие комиссии для проведения проверки отдельных конструкций и узлов, приемки зданий и сооружений водохозяйственного назначения до предъявления государственной приемочной комиссии к приемке в эксплуатацию этих объектов и организовывать их деятельность;

– принимать участие и вносить предложения при формировании бюджета Службы с учетом государственных заказов;

– пользоваться и распоряжаться в установленном порядке закрепленным за Службой имуществом, состоящим из основных фондов, оборотных средств, иных материальных ценностей и финансовых ресурсов;

– издавать в пределах своей компетенции нормативные технические акты, обязательные для исполнения подведомственными организациями и водохозяйственными предприятиями;

– осуществлять или возлагать на подведомственные организации проведение государственных закупок товаров, работ и услуг в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере государственных закупок;

– аккумулировать на специальных счетах финансовые средства, поступающие в виде платы за оказание услуг по поставке поливной воды и другие платные услуги, предусмотренные водным законодательством Кыргызской Республики;

– регулировать по согласованию с Министерством использование финансовых средств, выделяемых из республиканского и местных бюджетов, поступающих по линии внешней кредитной и донорской поддержки, а также аккумулированных в результате осуществления своей деятельности;

– подготавливать и передавать материалы о фактах нарушений водного законодательства в правоохранительные органы или судебные органы для привлечения виновных лиц к ответственности, предусмотренной Уголовным кодексом Кыргызской Республики, Кодексом Кыргызской Республики о проступках и Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях;

– выступать истцом и ответчиком в суде;

– ограничивать или приостанавливать право водопользования в случаях, предусмотренных водным законодательством;

– приостанавливать на определенный срок строительство, реконструкцию, расширение, реабилитацию и эксплуатацию водохозяйственных систем, сооружений и водопотребляющих предприятий в случаях, предусмотренных водным законодательством;

курууну, реконструкциялоону, кеңейтүүнү, калыбына келтирүүнү жана эксплуатациялоону белгилүү бир мөөнөткө токтотуп турууга;

– жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө Кызматтын адистери үчүн квалификацияны жогорулатууну, семинарларды, тренингдерди өткөрүүнү, тажрыйба алмашууну камсыздоого;

– юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү боюнча белгиленген тартипте акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка укуктарды ишке ашырууга.

## 6-глава. Кызматтын мүлкү жана финансысы

14. Кызматтын иши төмөнкү каражаттардын эсебинен каржыланат:

– республикалык бюджеттин;

– милдеттүү пландык оңдоо-калыбына келтирүү жумуштарынан тышкары жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү боюнча сугат суусун берүү жана гидротехникалык иштерди аткаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөдөн;

– инвестициялардын жана гранттардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген каржылоонун башка булактарынын.

15. Кызмат ага суу ресурстарын башкаруу, жөнгө салуу, сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле мамлекеттин менчигинде турган ирригациялык жана башка суу чарба системаларын жана курулмаларын күтүүгө, эксплуатациялоого жана өнүктүрүүгө бөлүнгөн бюджеттик жана башка каражаттарды тескөөчү болуп саналат.

## 7-глава. Кызматтын түзүмү жана анын ишин уюштуруу

16. Кызматты Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин орун басары болуп саналган директор жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин (мындан ары – министр) сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

17. Кызматтын борбордук аппаратынын кызматкерлери, анын ичинде директор жана директордун орун басарлары мамлекеттик жарандык кызматчылар болуп саналат.

18. Директор:

– Кызматка жүктөлгөн милдеттердин, функциялардын жана ыйгарым укуктардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;



– обеспечивать повышение квалификации, проведение семинаров, тренингов, обмена опытом для специалистов Службы в странах ближнего и дальнего зарубежья;

– в установленном порядке оказывать платные услуги по заявкам юридических и физических лиц;

– осуществлять другие права, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики.

## Глава 6. Имущество и финансы Службы

14. Финансирование деятельности Службы осуществляется за счет средств:

– республиканского бюджета;

– от оплаты услуг по поставке поливной воды и выполнению гидротехнических работ по заявкам физических и юридических лиц, сверх обязательных плановых ремонтно-восстановительных работ;

– инвестиций и грантов, а также иных источников финансирования, не противоречащих законодательству Кыргызской Республики.

15. Служба является распорядителем бюджетных и иных средств, выделяемых ей на цели управления, регулирования, рационального использования водных ресурсов, а также на содержание, эксплуатацию и развитие ирригационных и других водохозяйственных систем и сооружений, находящихся в государственной собственности.

## Глава 7. Структура и организация деятельности Службы

16. Службу возглавляет директор, являющийся заместителем министра водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики, назначаемый на должность и освобождаемый от должности Председателем Кабинета Министров Кыргызской Республики по представлению министра водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики (далее – министр).

17. Работники центрального аппарата Службы, включая директора и заместителей директора, являются государственными гражданскими служащими.

18. Директор:

– несет персональную ответственность за осуществление задач, функций и полномочий, возложенных на Службу;

– разрабатывает структуру, штатное расписание и смету расходов центрального аппарата Службы и представляет министру для утверждения;

– Кызматтын борбордук аппаратынын түзүмүн, штаттык расписаниесин жана чыгашалар сметасын иштеп чыгат жана министрге бекитүү үчүн берет;

– Кызматтын мекемелеринин түзүмүн, штаттык расписаниесин жана чыгашалар сметасын бекитет;

– белгиленген тартипте Министрликке Кызматтын мекемелерин жана ишканаларын түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө сунуштарды киргизет;

– Кызматтын мекемелеринин жана ишканаларынын ишин уюштурат жана контролдойт;

– Кызматтын борбордук аппаратынын кызматчыларын жана мекемелердин жетекчилерин Кызматтын директору бекиткен кызмат орундарынын номенклатурасына ылайык белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

– Кызматтын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жоболорун бекитет;

– өзүнүн орун басарларынын жана Кызматтын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин функциялык милдеттерин белгилейт;

– өз компетенциясынын чегинде буйруктарды, тескемелерди, нускамаларды чыгарат жана белгиленген тартипте ведомстволук ченемдик актыларды бекитет;

– Кызматтын балансында турган мүлктү жана каражаттарды башкарат, Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык кызматтын финансылык жана чарбалык-тескөө ишин уюштурат;

– мамлекеттик, мамлекеттер аралык жана чет өлкөлүк уюмдар, юридикалык жана жеке жактар менен болгон мамилелерде Кызматтын атынан чыгат, Кызматтын атынан келишимдерди, контракттарды жана макулдашууларды түзөт, бул аракеттерди аткарууга ишеним каттарды берет;

– өз компетенциясынын чегинде Кызматтын борбордук аппаратынын, мекемелердин жана ишканалардын кызматчыларын сыйлайт, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонот;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

19. Кызматта директордун орун басарларынын кызмат орундары каралат.

20. Директордун орун басарлары министр тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат, Кызматтын директоруна түздөн-түз баш ийет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин чегинде Кызматтын ишин уюштурат.



– утверждает структуру, штатное расписание и смету расходов учреждений Службы;

– в установленном порядке вносит предложения в Министерство об образовании, реорганизации и упразднении учреждений и предприятий Службы;

– организует и контролирует деятельность учреждений и предприятий Службы;

– в установленном порядке назначает на должность и освобождает от занимаемой должности служащих центрального аппарата Службы и руководителей учреждений согласно номенклатуре должностей, утвержденной директором Службы;

– утверждает положения структурных подразделений Службы;

– устанавливает функциональные обязанности своих заместителей, и работников структурных подразделений Службы;

– издает в пределах своей компетенции приказы, распоряжения, инструкции и утверждает в установленном порядке ведомственные нормативные акты;

– управляет имуществом и средствами Службы, находящимися на его балансе, организует финансовую и хозяйственно-распорядительную деятельность Службы в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики;

– представляет Службу в ее отношениях с государственными, межгосударственными и иностранными организациями, юридическими и физическими лицами, заключает от имени Службы договоры, контракты и соглашения, выдает доверенности на совершение этих действий;

– поощряет в пределах своей компетенции служащих центрального аппарата Службы, учреждений и предприятий, применяет меры дисциплинарной ответственности, предусмотренные трудовым законодательством Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики в сфере государственной гражданской службы и муниципальной службы;

– осуществляет другие полномочия в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

19. В Службе предусматриваются должности заместителей директора.

20. Заместители директора назначаются на должность и освобождаются от должности министром, подчиняются непосредственно директору Службы и организуют деятельность Службы в пределах возложенных на них обязанностей.

21. В Службе образуется коллегия. Директор и его заместители являются членами коллегии по должности. Состав коллегии утверждается приказом Министерства по представлению директора Службы.

21. Кызматта коллегия түзүлөт. Директор жана анын орун басарлары кызмат орду боюнча коллегиянын мүчөлөрү болуп саналат. Коллегиянын курамы Кызматтын директорунун сунушу боюнча Министрликтин буйругу менен бекитилет.

22. Кызматтын мекемелери жана ишканалары өз ишин өз алдынча жүзөгө ашырат, Кызматка түздөн-түз баш иет жана өз иштери жөнүндө отчет берет.

23. Кызматта илимий-техникалык эксперттердин жумушчу топтору уюштурулушу мүмкүн.

## 8-глава. Кайра уюштуруу жана жоюу тартиби

24. Кызматты кайра уюштуруу же жоюу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимине ылайык жүргүзүлөт.

25. Кызматтын иши токтотулган учурда, анын уюштуруу жана архивдик документтери “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пайдаланылууга жана сакталууга тийиш.



22. Учреждения и предприятия Службы самостоятельно осуществляют свою деятельность, непосредственно подчиняются и отчитываются о своей деятельности перед Службой.

23. При Службе могут организовываться рабочие группы научно-технических экспертов.

## Глава 8. Порядок реорганизации и ликвидации

24. Реорганизация либо ликвидация Службы осуществляется в соответствии с решением Кабинета Министров Кыргызской Республики.

25. В случае прекращения деятельности Службы ее учредительные и архивные документы подлежат использованию и хранению в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном архивном фонде Кыргызской Республики».

4-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын башкаруу схемасы**




Приложение 4

**Схема управления Службы водных ресурсов при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики**



5-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат (мындан ары – Кызмат) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин (мындан ары – Министрлик) ветеринардык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо жана ветеринария, жаныбарлардын саламаттыгын коргоо, жаныбарларды идентификациялоо жана байкоо жүргүзүү, ветеринардык-санитардык жана тамак-аш коопсуздугун камсыз кылуу, ветеринардык дары каражаттарын, тоюттарды жана тоют кошулмаларын, анын ичинде диагностикалык, дезинфекциялоочу, дератизациялоочу, дезакарициддик каражаттарды (мындан ары – ветеринардык багыттагы каражаттар) жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу ведомстволук бөлүмү болуп саналат.

2. Кызмат Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматтын укук улантуучусу болуп саналат.

3. Кызмат өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, Министрликтин чечимдерин, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. Кызмат, анын аймактык бөлүмдөрү жана мекемелери юридикалык жак болуп саналат. Кызмат мекеменин уюштуруу-укуктук формасында иштейт, өз алдынча балансы, казыналык системасында алыш-бериш жана башка эсептери, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мамлекеттик жана расмий тилдердеги аталышы менен мөөрү, штамптары, белгиленген үлгүдөгү бланктары бар.

5. Кызматтын толук фирмалык аталышы:

Приложение 5

**Положение о Ветеринарной службе при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики**

## Глава 1. Общие положения

1. Ветеринарная служба при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики (далее – Служба) является подведомственным подразделением Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики (далее – Министерство), осуществляющим функции по государственному надзору и контролю в сфере ветеринарной безопасности и реализации государственной политики в области ветеринарии, охраны здоровья животных, идентификации и отслеживания животных, обеспечения ветеринарно-санитарной и пищевой безопасности, регулирования сферы обращения ветеринарных лекарственных средств, кормов и кормовых добавок, в том числе диагностических, дезинфицирующих, дератизирующих, дезакарицидных средств (далее – средства ветеринарного назначения).

2. Служба является правопреемником Ветеринарной службы при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики.

3. Служба в своей деятельности руководствуется Конституцией и законами Кыргызской Республики, указами Президента Кыргызской Республики, постановлениями и распоряжениями Кабинета Министров Кыргызской Республики, вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика, решениями Министерства, а также настоящим Положением.

4. Служба, ее территориальные подразделения и учреждения являются юридическими лицами. Служба действует в организационно-правовой форме учреждения, имеет самостоятельный баланс, расчетные и иные счета в системе казначейства, печать с изображением Государственного герба Кыргызской Республики со своим наименованием на государственном и официальном языках, штампы, бланки установленного образца.

5. Полное фирменное наименование Службы:

– мамлекеттик тилде: “Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат” мекемеси;

– расмий тилде: учреждение “Ветеринарная служба при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики”.

Кыскартылган фирмалык аталышы:

– мамлекеттик тилде: “ВК”;

– расмий тилде: “ВС”.

6. Кызматтын юридикалык дареги: 720040, Бишкек шаары, Киев көчөсү, 96 б.

7. Кызмат өз ишин Министрликтин жетекчилиги астында жүргүзөт, өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик, коомдук, илимий уюмдар жана башка юридикалык жана жеке жактар менен өз ара аракеттенет.

## 2-глава. Кызматтын максаты

8. Кызматтын максаты адам жана жаныбарлар үчүн жалпы илдеттерден калктын саламаттыгын коргоону, эпизоотиялык бакубаттыкты, ветеринардык-санитардык жана тамак-аш коопсуздугун, ветеринардык дары каражаттарынын жана тоют кошулмаларынын сапатын, натыйжалуулугун жана коопсуздугун камсыздоо болуп саналат.

## 3-глава. Кызматтын милдеттери

9. Кызматтын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) адам жана жаныбарлар үчүн жалпы илдеттерден калктын саламаттыгын коргоо;

2) жаныбарлардын саламаттыгын ылаңдардан коргоо жана эпизоотиялык бакубаттыкты камсыздоо;

3) Кыргыз Республикасынын аймагын жаныбарлардын жугуштуу жана экзотикалык ылаңдарынын таралышынан жана жайылышынан коргоо;

4) ветеринардык контролдонууга тийиш болгон продукттардын (чийки заттардын) коопсуздугун камсыздоо;

5) бирдиктүү ветеринардык-санитардык талаптарга шайкеш келбеген көзөмөлгө алынган товарларды (жүктөрдү) ташып келүүнүн, ташып чыгуунун, реэкспорттоонун жана транзиттөөнүн эрежелерин бузуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу;

6) ветеринардык илимди, базалык жана үзгүлтүксүз ветеринардык билим берүүнү өнүктүрүү;



– на государственном языке: «Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык кызматы» мекемеси;

– на официальном языке: учреждение «Ветеринарная служба при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики».

Сокращенное фирменное наименование:

– на государственном языке: «ВК»;

– на официальном языке: «ВС».

6. Юридический адрес Службы: 720040, город Бишкек, улица Киевская, 96б.

7. Служба осуществляет свою деятельность под руководством Министерства, взаимодействует с государственными органами, органами местного самоуправления, государственными, общественными, научными организациями и иными юридическими и физическими лицами в пределах своей компетенции.

## Глава 2. Цель Службы

8. Целью Службы является обеспечение охраны здоровья населения от болезней, общих для человека и животных, эпизоотического благополучия, ветеринарно-санитарной и пищевой безопасности, качества, эффективности и безопасности ветеринарных лекарственных средств и кормовых добавок.

## Глава 3. Задачи Службы

9. Задачами Службы являются:

1) охрана здоровья населения от болезней, общих для животных и человека;

2) охрана здоровья животных от болезней и обеспечение эпизоотического благополучия;

3) охрана территории Кыргызской Республики от заноса и распространения заразных и экзотических болезней животных;

4) обеспечение безопасности продуктов (сырья), подлежащих ветеринарному контролю;

5) предотвращение и пресечение нарушений правил ввоза, вывоза, реэкспорта и транзита поднадзорных товаров (грузов), не соответствующих единым ветеринарно-санитарным требованиям;

6) развитие ветеринарной науки, базового и непрерывного ветеринарного образования;

7) исполнение обязательств по международным договорам, участницей которых является Кыргызская Республика, в пределах своей компетенции в отношении ветеринарии;

7) ветеринарияга карата өзүнүн компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер боюнча милдеттенмелерин аткаруу;

8) ветеринардык контролдонууга (көзөмөлдөнүүгө) тийиш болгон объекттерге коюлуучу Бирдиктүү ветеринардык (ветеринардык-санитардык) талаптарды сактоону камсыз кылуу;

9) Министрлик менен макулдашуу боюнча ветеринария, эпизоотиялык коопсуздук чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташуусун түзүү жана өнүктүрүү;

10) ветеринардык коопсуздукту камсыз кылуу;

11) жеке жана юридикалык жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын ветеринария жаатындагы мыйзамдарын, техникалык регламенттер менен белгиленген продукциянын, ошондой эле ветеринардык контролдонууга тийиш болгон продукциянын, Кыргыз Республикасынын аймагында жүгүртүүдөгү ветеринардык препараттардын коопсуздугуна талаптардын бузууларын алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу;

12) ветеринардык дары каражаттарын, тоюттарды жана тоют кошулмаларын өндүрүүнү, экспорттоону жана импорттоону мамлекеттик жөнгө салууну камсыз кылуу;

13) ветеринардык дары каражаттарынын, тоют кошулмаларынын, ветеринардык багыттагы каражаттардын сапатын баалоону, каттоону жана мамлекеттик реестрин жүргүзүүнү жана тоюттарды декларациялоону жүзөгө ашыруу.

## 4-глава. Кызматтын функциялары

10. Кызмат төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

1) тармактык саясатты ишке ашыруу боюнча функциялар:

– ветеринардык коопсуздук, ветеринардык дары каражаттарын жана тоют кошулмаларын каттоо, сертификаттоо жана алардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген мамлекеттик программаларды, статистикалык жана эсептик маалыматтардын, жаныбарлардын жугуштуу ыландарынын чыгуу жана жайылуу мүмкүндүгүнүн илимий негизделген божомолдорунун негизинде жаныбарлардын, канаттуулардын, балыктардын, аарылардын, өсүмдүктөрдүн ыландарынын алдын алуу жана жоюу боюнча профилактикалык жана эпизоотияга каршы иш-чаралардын пландарын ишке ашыруу жана контролдоо;

– жаныбарлардын саламаттыгын коргоо боюнча мамлекеттик программаларды ишке ашырууда айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети



8) обеспечение соблюдения Единых ветеринарных (ветеринарно-санитарных) требований, предъявляемых к объектам, подлежащим ветеринарному контролю (надзору);

9) установление и развитие международного сотрудничества Кыргызской Республики в сфере ветеринарии, эпизоотической безопасности по согласованию с Министерством;

10) обеспечение ветеринарной безопасности;

11) предупреждение, выявление и пресечение нарушений физическими и юридическими лицами законодательства Кыргызской Республики в области ветеринарии, требований к безопасности продукции, установленных техническими регламентами, а также продукции, подлежащей ветеринарному контролю, ветеринарных препаратов, находящихся в обращении на территории Кыргызской Республики;

12) обеспечение государственного регулирования производства, экспорта и импорта ветеринарных лекарственных средств, кормов и кормовых добавок;

13) осуществление оценки качества, регистрации и ведение государственного реестра ветеринарных лекарственных средств, кормовых добавок, средств ветеринарного назначения и декларации кормов.

## Глава 4. Функции Службы

10. Служба осуществляет следующие функции:

1) функции по реализации отраслевой политики:

– реализация государственной политики в сфере ветеринарной безопасности, регистрации, сертификации и ведения государственного реестра ветеринарных лекарственных средств и кормовых добавок;

– реализация и контроль государственных программ, утвержденных Кабинетом Министров Кыргызской Республики, планов профилактических и противоэпизоотических мероприятий по предупреждению и ликвидации болезней животных, птиц, рыб, пчел, растений на основании статистических и учетных данных, научно-обоснованных прогнозов возможного возникновения и распространения заразных болезней животных;

– делегирование отдельных государственных полномочий в реализации государственных программ по охране здоровья животных лицам, имеющим право на ветеринарную практику, на договорной основе, определяемой Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

– организация и обеспечение ветеринарных мероприятий по профилактике, диагностике и ликвидации особо опасных болезней животных;

тарабынан аныкталуучу келишимдик негизде ветеринардык практикага укуктуу жактарга берүү;

– жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу ылаңдарын профилактикалоо, диагностикалоо жана жоюу боюнча ветеринардык иш-чараларды уюштуруу жана камсыз кылуу;

– ветеринардык зоналарга бөлүүнү жана аймактарды компартментализациялоону жүргүзүү;

– жаныбарларды идентификациялоо жана каттоо, чарбаларды каттоо, идентификацияланган жаныбарлардын кыймылын эсепке алуу боюнча чаралардын комплексин уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан тартиби белгиленген ветеринардык багыттагы, анын ичинде шашылыш сатып алуу үчүн биопрепараттардын резервдик фондун түзүү;

– активдүү жана пассивдүү эпизоотиялык мониторингди, ошондой эле көзөмөлгө алынган продукциянын сапатына мониторингди уюштуруу жана жүргүзүү;

– Кыргыз Республикасынын аймагында ветеринардык-санитардык тобокелдиктерди башкаруу;

2) жөнгө салуу функциялары:

– региондорго бөлүштүрүү жана компартментализациялоо, ветеринардык контролдоо (көзөмөлдөө) жүргүзүүдө лабораториялык изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүнү уюштуруу эрежелерин бекитүү;

– профилактикалык жана эпизоотияга каршы иш-чараларды жүргүзүү;

– көзөмөлгө алынган товарларды (жүктөрдү) экспорттоого, импорттоого, реэкспорттоого жана эл аралык транзиттөөгө тиешелүү ветеринардык коштоочу документтерди берүү;

– жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынуучу продукттарга ветеринардык-санитардык экспертизаны уюштуруу жана жүргүзүү;

– жаныбарлардын ылаңдарын диагностикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү;

– зарыл болгон учурларда эпизоотияны жоюу боюнча экспедицияларды уюштуруу;

– көзөмөлгө алынган продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүүгө (аймактан ташып чыгууга), ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзиттөөгө Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик ветеринардык инспекторунун жазуу жүзүндөгү уруксатын берүү;

– Кыргыз Республикасынын аймагында жаныбарлардын өзгөчө кооптуу ылаңдарынын тизмегин аныктоо;



– проведение ветеринарного зонирования и компартментализации территорий;

– осуществление мероприятий по организации и проведению комплекса мер по идентификации и регистрации животных, регистрации хозяйств, учету движения идентифицированных животных;

– формирование резервного фонда биопрепаратов для ветеринарного назначения, в том числе для экстренного приобретения, порядок которого устанавливается Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

– организация и проведение активного и пассивного эпизоотического мониторинга, а также качества поднадзорной продукции;

– управление ветеринарно-санитарными рисками на территории Кыргызской Республики;

2) функции регулирования:

– проведение регионализации и компартментализации, утверждение правил организации проведения лабораторных исследований (испытаний) при осуществлении ветеринарного контроля (надзора);

– проведение профилактических и противоэпизоотических мероприятий;

– выдача соответствующих ветеринарных сопроводительных документов на экспорт, импорт, реэкспорт и международный транзит поднадзорных товаров (грузов);

– организация и проведение ветеринарно-санитарной экспертизы продуктов животного и растительного происхождения;

– проведение диагностических исследований болезней животных;

– организация в необходимых случаях экспедиций по ликвидации эпизоотии;

– выдача письменного разрешения Главного государственного ветеринарного инспектора Кыргызской Республики на ввоз на территорию Кыргызской Республики (вывоз с территории), а также транзит через территорию Кыргызской Республики поднадзорной продукции;

– определение перечня особо опасных болезней животных на территории Кыргызской Республики;

– определение порядка наложения, снятия карантина и иных ограничительных мер при угрозе и возникновении особо опасных болезней животных;

– разработка порядка накопления, использования и списания чрезвычайного запаса ветеринарных лекарственных средств;

– жаныбарлардын өзгөчө кооптуу ылаңдарынын коркунучунда жана келип чыкканда карантин киргизүү, алып салуу тартибин жана башка чектөөчү чараларды аныктоо;

– ветеринардык дары каражаттарынын өзгөчө запасын топтоо, колдонуу жана эсептен чыгаруу тартибин иштеп чыгуу;

– башка өлкөлөрдүн ветеринардык-санитардык чараларынын эквиваленттүүлүгүн таануу;

– Кыргыз Республикасынын аймагына жаныбарлардын ылаңдарынын таралуу жана/же жайылуу коркунучу болгон учурда көзөмөлгө алынган товарларды (жүктөрдү) ташып келүү жана ташып чыгуу боюнча убактылуу чектөө чараларын киргизүү;

– ветеринария, анын ичинде жаныбарлардын саламаттыгын коргоо, жаныбарларды идентификациялоо жана байкоо жүргүзүү, ветеринардык дары каражаттары, тоюттар жана тоют кошулмалары, ветеринардык-санитардык жана тамак-аш коопсуздугу жаатындагы актыларды, техникалык регламенттерди, ветеринардык-санитардык талаптарды, эрежелерди, жоболорду жана нускамаларды иштеп чыгууга катышуу;

– ветеринардык контролдонууга (көзөмөлдөнүүгө) тийиш болгон продукттарды (чийки затты) өндүрүү, кайра иштетүү, сактоо, ташуу жана сатуу боюнча иш жүргүзгөн жактарды мамлекеттик каттоо (эсепке алуу) жана бирдиктүү реестрин жүргүзүү;

– объекттерди куруу, долбоорлоо, реконструкциялоо үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча архитектура органдарынын ветеринария жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте ветеринардык талаптарга шайкештиги жөнүндө корутундуларды берүү менен байланышкан суроо-талаптарын кароо;

– ветеринардык дары каражаттарынын, тоют кошулмаларын ветеринардык багыттагы каражаттарды мамлекеттик каттоону, сапатын баалоону жана тоюттарды декларациялоону жүзөгө ашырат;

– ветеринардык дары каражаттарынын, тоюттардын, тоют кошулмаларынын жана ветеринардык багыттагы каражаттардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү;

– ветеринардык дары каражаттарын, тоюттарды, тоют кошулмаларын жана ветеринардык багыттагы каражаттарды өндүрүүнүн (даярдоонун), сактоонун, дүң жана чекене сатуунун шайкештигин баалоо;

– баңги каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын прекурсорлорун кошпогондо, Кыргыз Республикасында өндүрүлүүчү жана Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келүүчү ветеринардык дары каражаттарынын, тоют кошулмаларынын, ветеринардык багыттагы каражаттардын сапатына, коопсуздугуна, натыйжалуулугуна, стандарттардын, техникалык регламенттердин,



– признание эквивалентности ветеринарно-санитарных мер других стран;

– введение временных ограничительных мер по ввозу и вывозу поднадзорных товаров (грузов) в случае угрозы заноса и/или распространения болезней животных на территории Кыргызской Республики;

– участие в разработке актов, технических регламентов, ветеринарно-санитарных требований, правил, положений и инструкций в области ветеринарии, в том числе охраны здоровья животных, идентификации и отслеживания животных, ветеринарных лекарственных средств, кормов и кормовых добавок, ветеринарно-санитарной и пищевой безопасности;

– государственная регистрация (учет) и ведение единого реестра лиц, осуществляющих деятельность по производству, переработке, хранению, транспортировке и реализации продуктов (сырья), подлежащих ветеринарному контролю (надзору);

– рассмотрение запросов органов архитектуры по отводу земельных участков под строительство, проектирование, реконструкцию объектов с выдачей заключения о соответствии ветеринарным требованиям в порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики в области ветеринарии;

– осуществление государственной регистрации, оценки качества ветеринарных лекарственных средств, кормовых добавок, средств ветеринарного назначения и декларации кормов;

– ведение государственного реестра ветеринарных лекарственных средств, кормов, кормовых добавок и средств ветеринарного назначения;

– осуществление оценки соответствия производства (изготовления), хранения, оптовой и розничной реализации ветеринарных лекарственных средств, кормов, кормовых добавок и средств ветеринарного назначения;

– проведение экспертизы качества, безопасности, эффективности ветеринарных лекарственных средств, кормовых добавок, средств ветеринарного назначения, производимых в Кыргызской Республике и ввозимых на территорию Кыргызской Республики, на соответствие требованиям стандартов, технических регламентов, нормативных правовых актов, за исключением наркотических средств, психотропных веществ и их прекурсоров;

– осуществление лицензирования на производство (изготовление) и реализацию ветеринарных лекарственных средств;

3) функции государственного контроля и надзора за:

– недопущением заноса возбудителей заразных болезней животных, в том числе общих для человека и животных, на территорию Кыргызской Республики путем осуществления контроля в пунктах

ченемдик укуктук актылардын талаптарына шайкештиги боюнча экспертиза жүргүзүү;

– ветеринардык дары-дармек каражаттарын өндүрүүгө (даярдоого) жана сатууга лицензиялоону жүзөгө ашырат;

3) төмөнкүлөрдү мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө функциялары:

– мамлекеттик чек арадагы өткөрүү пункттарында Кыргыз Республикасынын ветеринария жаатындагы мыйзамдарына ылайык контролдоо жолу менен Кыргыз Республикасынын аймагына жаныбарлардын, анын ичинде адам жана жаныбарлар үчүн жалпы жугуштуу илдеттердин козгогучтарынын таралышына жол бербөөнү;

